**Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейинин мугалимдер жамаатынын чогулушунун**
**№3 токтому**

Ысык-Көл району Бостери айылы
2023 жыл 18-январь

Катышты-82
Күн тартибинде каралуучу маселе:

1. Окуу жылынын биринчи жарым жылдыгы боюнча маалымат
2. Мектепте предметтик олимпиаданын жыйынтыгын чыгаруу.
3. PISA боюнча маалымат берүү

Угулду:
Белгиленген маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысыМамбетбаев М. төмөнкүлөргө токтолду: "Окуу жылынын биринчи жарым жылдыгы жакшы ийгиликтер менен аяктады. 2-чейректин жыйынтыгында 1110 окуучу болду. Бардыгы 92 отличник, 232 ударник менен билим сапаты 36,7% түзгөн. Биринчи чейрек менен салыштырганда динамика 4,2% өсүү болгон. Класстар боюнча токтоло кетсек:

| | |
|---|---|
| 3-а | 37,5 |
| 3-б | 36,8 |
| 3-г | 57,9 |
| 3-д | 36,7 |
| 4-а | 37,9 |
| 4-б | 46,7 |
| 4-г | 53,8 |
| 4-д | 35 |
| 5-а | 47,6 |
| 5-б | 32,1 |
| 5-г | 38,5 |

| | |
|---|---|
| 5-д | 36 |
| 6-а | 43,8 |
| 6-б | 37,5 |
| 6-г | 35,3 |
| 6-д | 55,6 |
| 7-а | 24,2 |
| 7-б | 31,6 |
| 7-г | 37,5 |
| 7-д | 39,3 |
| 8-а | 26,3 |
| 8-б | 33,3 |

| | |
|---|---|
| 8-г | 18,2 |
| 9-а | 23,5 |
| 9-б | 37,1 |
| 9-г | 30 |
| 9-д | 15 |
| 10-а | 42,1 |
| 10-б | 40 |
| 10-г | 37,9 |
| 11-а | 40,7 |
| 11-б | 23,3 |
| 11-г | 47,8 |

Эң төмөнкү билим сапаты 9-д классыныкы 15%, жогорку көрсөткүч 3-г класс 57,9% түзгөн.

Жарыш сөзгө чыккандар болгон жок
Жогорудагыларды угуп белгиленген маселе боюнча төмөндөгүдөй чечим чыгат:

**ЧЕЧИМ**

1. 2022-2023-окуу жжылынын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча отчёт канааттандыраарлык деп табылсын жана кабыл алынсын.
2. Лицей класстары, таланттуу окуучулар менен ишти күчөтүү жагы ар бир предметтик мугалимге тапшырылсын

Сканировано с CamScanner

Белгиленген экинчи маселе боюнча мектеп директору Атаев Б.С. төмөнкүлөргө токтолду: "Быйылкы окуу жылында мектеп ичинде предметтер боюнча олимпиада өткөрүлүп, жыйынтыгы чыгарылды. Алдыңкы орундарга ээ болгон окуучулар олимпиаданын 2-туруна катышышат. Бул убакытка чейин онлайн учурунда да, каникул учурунда да биздин мугалимдер окуучуларды олимпиадага даярдоонун үстүндө иштешти. Эжейлерибизге, окуучуларыбызга ийгилик каалайлык"

Жарыш сөзго чыккандар:

1. Окуу завучу Мамбетбаев М.: "Мектеп ичинде олимпиада фундаменталдык предметтер боюнча өткөрүлдү. Жыйынтыгында 18 окуучу мектептин намысын олимпиаданын райондук туруна катышмакчы."
2. Тарых мугалими Каимбаева Г.: "Биз алгачкласс ичинде, андан соң класс аралык өткөрдүк. Жыйынтыгы начар эмес. Жеңген окуучуларга райондук олимпиадада ийгилик каалайм."

ЧЕЧИМ

1. Мектеп ичинде өткөрүлгөн предметтер боюнча олимпиаданын жеңүүчүлөрүн райондук олимпиадага алып барып келүү милдети предметтик мугалимдерге тапшырылсын.
2. Окуучулардын олимпиаданын райондук туруна катышуусун көзөмөлгө алуу жагы окуу завучу Мамбетбаев Максатка милдеттендирилсин.

Белгиленген үчүнчү маселе боюнча сөз Мамбетбаев Максатка берилип, ал төмөнкүлөргө токтолду: " Быйылкы окуу жылында PISAга даярдануу иштери башталды. Предметтик мугалимдер PISA боюнча тесттерди алыш керек. PISA бул изилдөө, сурамжылоо.

PISA-2025- жылы өтө турган окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоонун эл аралык программасы.

PISA 2000-жылдан бери 3 жылда бир өткөрүлүп келе жатат. Тестке дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүнөн 5-7-класстын окуучулары катышат. Изилдөө негизи 3 багытта жүргүзүлөт: окуу сабаттуулугу, математикалык жана табигый илимдер боюнча сабаттуулук"

Жарыш сөзгө чыккандар:

1. Физика мугалими Бодонова К.: "PISA боюнча усулдук бирикмелерде кеңири маалымат берилсе жакшы болмок."
2. Математика мугалими Дөөлөтбаева Г.: "Туура сунуш. Ар бир усулдук бирикменин отурумунда карап, талкууга алалык"

Белгиленген маселе боюнча төмөнкүдөй чечим чыгарылды.

ЧЕЧИМ

1. PISA тууралуу ар бир усулдук бирикмеде талкууга алынсын. Усулдук бирикмеде талкууга алуу жагы усулдук бирикменин жетекчилерине милдеттендирилсин.

Сканировано с CamScanner

2. PISA боюнча папкаларды даярдоо, окуучулардан тест алуу ар бир предметтик мугалимге тапшырылсын.
3. PISA боюнча тест алуусун көзөмөлдөө окуу завучу Мамбетбаев М. тапшырылсын.

Директор: Атаев Б.С.

Сканировано с CamScanner